**Мээнеткеч айылындагы Асан Жансейитов атындагы орто мектебинин 2022-23-окуу жылындагы кыргыз тили, орус тили, математика сабактары боюнча окуучулардын дептерлерин текшерүү боюнча анализи**

**Дептер текшерүүнүн максаты:**

***«Окуучулардын чыгармачылыгын, билимин баалоосун аныктоо»***

Дептер – окуучунун билим алуусундагы негизги атрибут. Окуу планынын ар бир предмети боюнча окуучунун дептери болот. Кыргыз тили, орус тили жана математика сабактарында дептер аркылуу окуучулардын билими, ишмердүүлүгү бааланып, мугалим аркылуу баа коюлуп аныкталат.

Кыргыз тили сабагы боюнча мектепте эки мугалим бар, экөө тең жаш адис жана жаңы мугалим болгондуктан баа коюнун нормасы сакталган эмес. Насаатчы менен иштешүү сунушу айтылды. Окуучулар замасканы көп колдонушат. Дептерлердин тазалыгына, титулдук баракчаларына көңүл бурулган эмес. Кол жазмасы начар окуучуларга эскертүү берилген эмес, ал окуучулар менен иштешүү сунушу берилди. Кээ бир класстарда дептерлер өз убагында текшерилген.

Орус тили сабагы боюнча дептерлер өз убагында текшерилген, бирок айрым окуучулардыкы текшерилген эмес экен, баа коюунун нормасы сакталган, дептерлердин абалы жакшы, кол жазмасы начар окуучуларга эскертүү берилген эмес, дептерлердин титулдук баракчасы туура жазылган, окуучулар замаска менен көп колдонушкан, кол жазмасы начар окуучулар менен иштөө сунуш кылынды.

Математика сабагынан дептерлердин тешерилиши өз убагында жүргүзүлгөн, каталардын асты сызылып, туура жообу көрсөтүлүп берилет, чоң класстын окуучуларынын дептерлери жалпы чоң дептерлерге жазышкандыктан эстетикалык көрунүшүнө көңүл бурулган эмес, баа коюунун нормалары сакталган. Боеп чийген окуучуларга эскертүү өз убагында берилген.

Жыйынтык: окуу дептерлерин колдолнуунун эстетикалык көрүнүшү, титулдук баракчасынын бир типте жазылышы, окуучулардын чыгармачылыгын белгилөө, баа коюунун нормасы бирикме ичинде талкууланып түшүндүрүү иши жүргүзүлсүн.

Сунуш: кыргыз тили , орус тили мугалимдери орфографялык, пунктуациялык, стилдик каталар аныкталып, шарттуу белгилер менен көрсөтүлүп, жаш адистер насаатчылардан сабак алуусу керек. Текшерүү иштеринде каталар кызыл сыя менен белгиленип, так көрсөтүлсүн.

ОББ: Э.Ж.Кадырова